УДК:371.3.821.512.154
DOI 10.33514/1694-7851-2025-3/2-114-121

**Солтобаева К.Б.**
филология илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Шаршембаева А.**
магистрант
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
klara1076@mail.ru

## ЧЫГАРМАНЫ СЮЖЕТТИН ӨНҮГҮШҮ БОЮНЧА ТАЛДОО
## (Ч.Айтматовдун “Саманчынын жолу” повестинин мисалында)

**Аннотация.** Көркөм чыгарманы маанилик жактан салыштырмалуу түрдө өз алдынча турган бөлүктөргө ажыратуу менен ар бир бөлүктү өзүнчө кароо талдоо деп аталат. Бөлүктөргө салыштырмалуу түрдө ажыратылат деп жатканыбыз көркөм чыгарманын тутумунда алар байланышта, айкалышта кезигет. Көркөм чыгарманы анализдөө - адабий билим берүүнүн борбордук проблемасы. Көркөм чыгарманы талдоого алууда биринчи кезекте ошол чыгарманын идеялык - тематикалык терендиги, көркөм эстетикалык сапаты ачылат; экинчиден, ошол конкреттүү чыгарма конкреттүү автордун чыгармачылыгында, жалпы бир элдин адабий процессинин контекстинде каралат; үчүнчүдөн, текст максаттагыдай талданса, ошол процесстин өзүндө сүрөткердин инсандык сапаттары көрүнөт; төртүнчүдөн, чыгармага адабий - теориялык, текстологиялык талдоо жүргүзүү менен окуучу көркөм чыгармадагы жазуунун сырларын үйрөнөт; бешинчиден, адабий талдоо сабак процессинин кызыктуу, жандуу өтүшүнө, кургак сөздөн качып, практикалык ишке жетишүүгө жардам берет. Ошондуктан бул макалада Ч.Айтматовдун “Биринчи мугалим” чыгармасындагы Дүйшөндүн образын талдоого алмакчыбыз.

**Негизги сөздөр:** көркөм чыгарманы талдоо, мектеп анализи, текстологиялык анализ жүргүзүү, образ, образдар системасы.

**Солтобаева К.Б.**
кандидант филологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаев
Бишкек ш.
**Шаршембаева А.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаев
Бишкек ш.

## АНАЛИЗ ПРОИЗВЕДЕНИЯ ПО РАЗВИТИЮ СЮЖЕТА
(На примере повести Ч. Айтматова «Материнское поле»)

**Аннотация.** Знание сюжета является центральной проблемой освоения художественного произведения. Не зная сюжета, невозможно прийти к единому мнению по

теме и идее произведения. Анализ системы образов художественного произведения также требует глубокого знания сюжета. Потому что в механизме развития событий заключены развитие образа, процесс формирования характера, сложные тайны взаимоотношений между людьми. При анализе по развитию сюжета необходимо дать учащимся литературно-теоретическое понятие об элементах сюжета. Это литературно-теоретическое понятие будет целесообразным только в том случае, если оно проводится не только путем заучивания определений, но и через анализ конкретного произведения. Поэтому в данной статье предлагается образец анализа повести Ч. Айтматова «Материнское поле» по сюжету.

**Ключевые слова:** пролог, экспозиция, завязка, развитие действия, кульминация, развязка, эпилог.

**Soltobaeva K.B.**
candidate of philological sciences, associate professor
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Sharshembaeva A.**
master's students
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.

## ANALYSIS OF A WORK BY PLOT DEVELOPMENT
## (On the example of Ch. Aitmatov's novella "The Milky Way")

**Abstract.** Knowing the plot is a central problem in mastering a work of art. Without knowing the plot, it is impossible to reach a consensus on the theme and idea of the work. Analyzing the system of images in a work of art also requires a deep understanding of the plot. This is because the mechanism of event development involves the development of the image, the process of character formation, and the complex secrets of relationships between people. Through analysis of plot development, students should also be given a literary-theoretical understanding of the elements of the plot. This literary-theoretical understanding will be purposeful only when it is carried out not just by memorizing definitions, but through the analysis of a specific work. Therefore, this article offers a model for analyzing Ch. Aitmatov's novella "The Milky Way" by plot.

**Keywords:** prologue, exposition, inciting incident, rising action, climax, falling action, resolution, epilogue.

Адабият сабагында чыгарманын мазмуну талапка ылайык өздөштүрүлгөн учурда да анда окуучуга түшүнүксүз көп нерселер болушу мүмкүн. Каармандардын иш-аракетинин мотивин, көркөм сөз каражаттарынын аткарган функциясын, автордун берейин деген оюн, айрым деталды окуучулар турмуштук тажрыйбасы аздыгынан жеткиликтүү аңдап биле алышпайт. [1, 48 б] Ошондуктан мугалимдин жетекчилиги менен аларды чыгарманы жалпы түшүнүүдөн терең түшүүнүгө алып бара турган иш жүргүзүлүшү керек, бул чыгарманы талдоо же анализдөө. Көркөм чыгарманы маанилик жактан салыштырмалуу түрдө өз алдынча турган бөлүктөргө ажыратуу менен ар бир бөлүктү өзүнчө кароо талдоо деп аталат. Бөлүктөргө салыштырмалуу түрдө ажыратылат деп жатканыбыз көркөм чыгарманын тутумунда алар байланышта, айкалышта кезигет.

Адабий билим берүүнүн «... борбордук проблемасы - көркөм чыгарманы анализдөө» [2, 145 б] болгондуктан. Көркөм чыгарманы мектепте талдоо биринчи кезекте ошол чыгарманын идеялык - тематикалык тереңдиги, көркөм эстетикалык сапаты ачылат; экинчиден, ошол конкреттүү чыгарма конкреттүү автордун чыгармачылыгында, жалпы бир элдин адабий процессинин контекстинде каралат; үчүнчүдөн, текст максаттагыдай талданса, ошол процесстин өзүндө сүрөткердин инсандык сапаттары көрүнөт; төртүнчүдөн, чыгармага адабий - теориялык, текстологиялык талдоо жүргүзүү менен окуучу көркөм чыгармадагы жазуунун сырларын үйрөнөт; бешинчиден, адабий талдоо сабак процессинин кызыктуу, жандуу өтүшүнө, кургак сөздөн качып, практикалык ишке жетишүүгө жардам берет.

Биз ошондуктан образдар боюнча талдоого кайрылып, Ч.Айтматовдун “Биринчи мугалим” чыгармасынан Дүйшөндүн образын талдоого алмакчыбыз. Чыгарманын кыскача сюжети:

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында комсомол уюмунунун тапшырмасы менен алыскы тоо арасындагы бир айылга мектеп ачып, бала окут деген тапшырма алып келген жаш жигит экен. Анан ал «мектеп», «окуу» деген эмне экени менен такыр иши, түшүнүгү да жок караңгы адамдардын шылдың-күлкүсүнө моюн сунбай, бир байдын бузулган ат сарайын оңдоп, класска айландырып, он төрт, он беш баланы окута баштайт. Ошолордун бирөө-арасындагы чоңураагы он бештен он алтыга караган Алтынай эле. Бир кыш өтүп, жаз чыгып, жер гүлдөй баштаганда, каардуу өгөй жеңеси аны бир байга токолдукка сатып жиберет. Мугалимди аябай тепкилеп, кызды окуп жаткан жеринен зордоп алып кетишет. Үч күндөн кийин Дүйшөн эки милиционер ээрчитип барып, байды каматып, кызды бошотуп, Ташкенге балдар үйүнө жиберет. Ошондон кийин Алтынай мугалимин көрүүгө шарт туура келбейт. Кийин гана ал чоң билимдүү адам болуп, даңкы чыгып жүргөн күндөрдүн биринде ага чакырык келет. Алтынайдын жеринде мектеп ачылып, ошонун тою өтүп жатыптыр. Кечки үлпөт отурушта ал мугалим тууралуу шылдың сөздөрдү угуп, аябай ыза болот. Анан ал Москвага командировкага барган кезде айылдаш художникке кат жазып, Дүйшөн жөнүндө узун сабак сөз айтып, аны «алтын адам» деп атап, жаңы ачылган мектепти ошонун атынан койдурууну өтүнөт.

- Балдар чыгармадагы Дүйшөн - чыныгы мугалим. Ал эми чыныгы мугалим кандай болуу керек деген суроого орустун улуу жазуучусу педагог Лев Толстойдун: “Баланы сүйсө жакшы мугалим, кесибин сүйсө мыкты мугалим, ал эми чыгармачылык менен иштеген мугалим –чыныгы мугалим” - деген сөзү менен жооп бергенибиз оң [3, 401 б]. Демек ошол сапаттарды Дүйшөндөн издеп көрөлү.

- Кана балдар Дүйшөн балдарды, (окуучуларды) кесибин сүйөбү? Чыгарманын кайсыл жерлеринен даана көрдүңөр, чыгармадан тапкылачы? (Төмөнкү үзүндүлөрдү мугалим алдын ала бөлүп алып карточка түрүндө даярдап коюп бирден алып окуучуларга окутса да болот, же интерактивдүү досканын жардамы менен чагылдырса да болот)

Мисалы чыгармадан:

1-үзүндү: Сатымкул кераяк, чырт түкүрүнүп сүйлөп койду:

– Аныңды коё тур, окуунун бизге кереги эмне? Дүйшөн кандай дээрин билбей, көзү алаңдай түштү.

– Баса, туура айтат! – деп бер жактагылар да жабыла козголо берди. – Биз, жер кетмендеп, жер менен эле оокат кылган дыйканбыз. А биздин балдар окуу окуп, эл сурап, өкмөт болот беле? Кой, айланайын, башыбызды катырба?..

Үндөр бастай түшкөндө, өңү бозоруп, дабышы калтыраган Дүйшөн элди айландыра карап:
– Силер балдарды окутууга каршысыңарбы? – деп сурады.
– А каршы болгонду сен зордойсуңбу? Азыр элдин өз эрки, боштондукка чыкканбыз! – деди нары жактан бир үн [4].

Окуучулар: 1-үзүндүгө жооп. Дүйшөн өз окуучуларына алар мурда билбеген, жаңы дүйнө ачып берген адам. «Мектеп», «окуу» деген эмне экени менен такыр иши, түшүнүгү да жок караңгы заманда биринчи болуп өз окуучуларына алар мурда билбеген, жаңы дүйнө ачып берүү үчүн болгон күч аракетин жумшайт. Караңгы эл аны түшүнбөй караманча каршы болушат, Дүйшөн **өз кесибин сүйгөн үчүн кара жанын карч уруп баарына чыдайт.**
2-үзүндү:

– Мен силерди жардам бергиле деп жатам. Тээ тиги байдан калган жаман атканаңы оңдойлу, көпүрө салыш керек, отун керек...

– Ой, жигит, коё турчу! – Сатымкул кераяк дагы да чырт түкүрүнүп, жумулган көзүн ымдап-ымдап алды.– Бу мектеп ачам деп кыйкырасың, үстүңдө тонуң жок, астыңда атың жок, айдап койгон жериң жок, көздөп алган малың жок, сен эмне жылкы тийип оокат кыласыңбы?

– Оокатым эптеп өтөр, өкүмөт мага маяна төлөйт.

– А мына ошондой де! – Сатымкул жыргагандай ыржая күлүп, төшүн кайкайта ээрдин кашынан өйдө боло берди.– Сөздүн анығы эми чыкпадыбы. Сен ошол өкүмөттүн казынасы менен эле жумуштарыңды бүтөп, балдарды окутуп ал. Бизди болсо кыйнаба, өз ташпишибиз башыбыздан арылбай жүрөт.

Ушуну менен Сатымкул аттын башын бура тартып бастырып кетти. Анын артынан башкалар да тарап-тарап кетишти. Кагазын колуна кармаган бойдон турган жеринде селдейген Дүйшөн көпкө чейин ордунан козголбой турду [4].

2- үзүндүгө жооп: "Үстүңдө тонуң жок, астыңда атың жок, айдап койгон жериң жок, көздөп алган малың жок" болсо да мейли, **ал байлыкка кызыкпайт, кызыкканы балдардын кат-сабатын ачуу.**

3- үзүндү: Эртеси күнү суугa барган жерибизден кетмен, күрөк, балта көтөргөн Дүйшөндүн суудан кечип өтүп, жогору дөбөдө турган жаман тамды көздөй кеткенин көрүп калдык. Ушундан баштап күнүгө эртең менен кара шинелчен Дүйшөндүн караанı өйдө бир өтүп, күн батарда ылдый бир түшүп турду. Кээде чоң таңгак саман же куурай көтөрүп ташып жатты. Аны көргөндөр, айылда туруп, бул ким болду экен дегенчелик кылып, үзөңгүгө такандай калып, алакан астынан көз жүгүртүп кеп кылар эле:
– Ой, алдагы жондо отун көтөргөн Дүйшөн – мугалим эмеспи?
– Ооба, так ошол.
– А бечара, мугалим деген кызматың деле жыргаган жумуш эмес экен го [4].

3-үзүндүгө жооп: **"Үстүңдө тону жок, астыңда аты жок**, айдап койгон жериң жок, көздөп алган малың жок" болсо да өзүнүн кара күчү менен ат сарайды мектеп кылды. Ал **талыкпаган эмгекчил, кайраттуу, күчтүү** "жыргаган жумушка" качкан жери жок.

4-үзүндү:

Өзүбүздүн боюбуз менен тең болгон, тезек толо колтурмачтап таңылган чоң ала каптарды көтөрүп, биз ушул жерге дем алмакка отура калганда, үстү-башы ылай болуп, жеңдерин түрүнүп алган Дүйшөн тамдан чыга келди да, бизди көрүп, бетинин терин аарчый жылмая күлдү:
– Ии, кыздар, келгиле. Тезектен келе жатасыңарбы?

Биз уялганыбыздан унчукпай эле, бир бирибизди карап, кап-каптын түбүндө отурган жерибизден ооба дегенчелик баштарыбызды ийкеп койдук. Биздин уяңдык жайыбызды дароо түшүнө койгон Дүйшөн, дагы да жылмая күлүп сүйлөдү.

– Келгениңер жакшы болбодубу, кыздар! Мына, мектебиңер даяр десек да болот. Азыр эле бир бурчуна меш өңдүү бир нерсе куруп бүттүм. Көрдүңөрбү, мору да үстүнө чыгып турат. Эми кыштык отунубузду тамдын бир жагына жыйып салабыз да, жерге самандан калыңыраак төшөп таштап, окууну баштай беребиз. Кандай, мектепке келесиңерби, окугуңар келеби?

Кыздардын ичинен чоңурагы эле мен элем, алар унчукпай жатканынан:

– Жеңем коё берсе келем,– дедим [4].

4-үзүндүгө жооп: Ал **балдарды сүйөт, ошон үчүн аларга кам көрүп** мешин, отунун, мектебин өз колу, маңдай тери менен даярдап жатат. Ага эч ким жардам берген жери жок

5-үзүндү: Дүйшөн менин мында экенимди биле койгон эмес чыгар, айтор, катары менен кыдырып, бизге да келип жетти.

– О, жеңе, иш илгери! Мына, бул балдар болуп баарыбыз конокко келдик! – деп Дүйшөн жайдары күлүп салам берди.

– Келгиле,– дегендей жеңем анын келишин жактырбай күңк этти. Акем болсо ороо казган жеринен башын да өйдө көтөргөн жок.

– Кана эмесе, бүгүн окуу башталат. Кызыңар нече жашта? – деп, Дүйшөн эшикте жаткан мала ташка отуруп, балдарды тизмелеген кагазын даярдады. Жеңем жооп кайтарбай, ачуусу менен сокбилекти күрс эткизе, аны ыкшап-ыкшап алды. Эми эмне болот деп ичимден кыпылдап, жаным жок. Дүйшөн мени карап, баягыдай жүрөгүмдү жылыта, күлүп койду:

– Алтынай, жашың канчада?

Мен коркуп унчукකан жокмун.

— Мунун жаш-пашын эмне кыласың? – деди алкына кайрылган жеңем. – Буга окшогон томаяк куу жетим эмес, нанды «нана» деп жүргөн аталуу-энелүү эркелер да окубай жүрөт. Тетиги ээрчиткен балдарды эле окутуп ал, мында ишиң болбосун.

Дүйшөн ордунан секирип тура келди. Өңү кумсарып, бүркүт канат каштары куушурула түштү:

– Бул эмне дегениңиз. Жетим деген кудайга жазыптырбы! Жетим кыздар окубасын деген закон бар бекен?

– Закун-пакунуң менен ишим жок.

– Байкап сүйлөңүз. Бул кыз сизге кереги жок болсо, кеңеш өкүматына керек! Жооп берип калып жүрбөңүз!

– Ой, сен каяктагы чоң элең? Багып жүргөн кызымды мен билемби, же жериңден ооп тентип келген сен билесиңби? [4].

5-үзүндүгө жооп: Ал **балдардын баарын жакшы бирдей көрөт,** заардуу жеңелер үчүн “томаяк куу жетимдер” кереги жок болсо, “кеңеш өкүматына керек”, Дүйшөнгө керек. Ошол үчүн айылды түгөл кыдырат. “Жериңден ооп тентип келген” деген кемсинткен, акылсыз аялдарга теңелген жери жок. **Ал акылдуу.**

6-үзүндү: – Мен силерге, балдар, арип жазууну, сөз, сан жазууну үйрөтөм,– деди эле.

– Өзүм эмнени билсем ошону окутам...

Айтканындай эле Дүйшөн билгенин аябай, ар бирибиздин үстүбүзгө үйрүлүп, калем кармоодон тарта үйрөтүп, биз укпаган саясы сөздөргө чейин түшүндүрүп, окутууга аракеттенип жатты. Азыр ойлосом, колунда кармаган алиппеси жок бул чала сабат, эки сөздү

эптеп кошуп окуган жаш жигиттин, албетте, анда окутуунун тартиби, жол-жобосу жөнүндө эч кандай кабары да болгон эмес. Окутат деген ушул деп өз билгениндей, өзүнүн оюна туура келгениндей окута берген. Бирок анын ак пейлинен кылган аракети, менимче, талаага кеткен жок. Анткени ошондо биз үчүн, айылынын четине чыгып көрбөгөн тоо койнундагы кыргыз балдары үчүн, бул мектеп деп аталган туш-туш жыртыгынан шамал ышкырып, эшигинин жылчыктарынан тээ алыстагы ак карлуу тоо чокулары көрүнгөн ышталган котур тамда кулак угуп, көз көрбөгөн укмуштуу жаңы дүйнө ачылды. Биз ошондо эле Олуя-Ата, Ташкенттерден да чоң Москва деген Ленин жашаган шаар бар экенин, баш-аягы Таластын өрөөнүндөй деңиздерде тоодой болгон кемелер сүзүп жүргөнүн, чыракка жаккан май жердин астынан чыга турганын билгенбиз. Эл байып, турмуш оңолгондо биздин мектеп столдор коюлган чоң ак там болоруна биз ошондо эле ишенгенбиз [4].

6-үзүндүгө жооп: Дүйшөн ар бир окуучунун үстүнө үйрүлүп, калем кармоодон тарта үйрөтүп, биз укпаган саясы сөздөргө чейин түшүндүрүп, окутууга аракеттенип, айылынын четине чыгып көрбөгөн тоо койнундагы кыргыз балдары үчүн, кулак угуп, көз көрбөгөн укмуштуу жаңы дүйнө ачты. Биз ошондо эле Олуя-Ата, Ташкенттерден да чоң Москва деген Ленин жашаган шаар бар экенин, баш-аягы Таластын өрөөнүндөй деңиздерде тоодой болгон кемелер сүзүп жүргөнүн, чыракка жаккан май жердин астынан чыга турганын билгенбиз. Эл байып, турмуш оңолгондо биздин мектеп столдор коюлган чоң ак там болоруна биз ошондо эле ишенгендирет. Колунда кармаган алиппеси жок болсо да **ак пейлинен аракет кылып, чыгармачылык менен иштеген акылман чыныгы мугалим.**

7-үзүндү: Бул арада антип-минтип жатып, кыш да кирип келди. Суук түшкүчө дөбөнүн этегинде аккан таштак сууну кол кармашып кечип жүрдүк. Кийин шыйрак какшап, майда балдар чыдагысыз болгондо, Дүйшөн аларды бирин жонуна мингизип, бирин колуна көтөрүп өтүп жүрдү.

Кишилердин ошондо караңгылыгыбы, түшүнбөстүгүбү, Дүйшөндүн мунусун шылдыңдап күлүшө турган. Өзгөчө кыштоодогу малдуулар тегирменге ун салдырганы келгенде, жайма каптарды астыларына салып алып, чоң сары тон, түлкү тебетей кийип, куйругу чорт түйүлгөн семиз аттарды алчаңдата, ичкен бозосун карт кекирип:

– Э, ботом, бул бирин көтөрүп, бирин аркалап, балапан ээрчиткен күрптөй болгон неме ким өзү? – деп, камчысын түртө өтөр эле. Анда экинчиси темине берип:

– Атаңдын көрү, аял болсо токолдукка ала турган экен го! – деп, туяктын астынан даңкан таштап, каткырган бойдон кетишер эле.

Азыр ойлоп карасам, ошондо айылдагылар эле эки жыгач таштап бүтүрүп койчу жумуш, бирок анда окуунун мааниси эмне экенин билбеген эл. Дүйшөндү анчейин бир кыларга иши жок апендидей көрүшүп, чыдасаң окут, болбосо тим кой дегендей, ат кечкен жерге көпүрө салып көрбөгөн немелер өздөрүнө кереги жок болгон соң, биздин жайыбызды көңүлүнө да илишпептир. Бирок бир нерсени ойлонушса болмок эле: эмне үчүн ушунча азап жеп, шылдың болуп, бирөөдөн артык болбосо, эч жери кем эмес, ушул жаш жигит колунан келген баардык аракетин кылып, элдин балдарын окутуп жүрдү экен? [4].

7-үзүндүгө жооп: **Окуучуларынын ден-соолугу, келечеги - Дүйшөн үчүн негизги нерсе**. Ошондуктан кышкы күнкү шыйрак какшаткан муздак суудан “бирин жонуна мингизип, бирин колуна көтөрүп өтүп, “аял болсо токолдукка ала турган экен го” деген караңгы адамдардын каршылыгына, шылдың-күлкүсүнө моюн сунбай, кулак сыртынан кетирген **асыл адам, “алтын адам”**. Ушул сапатын мектептин ачылыш аземиндеги учурда да даана көрүнөт.

8-үзүндү: Дүйшөн менен Картаңбай деген адам сүйлөшүп жатат.:

- Түнгө калбай, эртең күндүз деле келсең болбойт беле? Же сени мылтыктап желкеге айдаган киши болбосо.

— Мен бүгүн келем деп балдарга убада бердим эле, - деди Дүйшөн. - Эртең сабак башташым керек.
— Ок, балдарың менен бамыраң кал! – деп чочуган Картаңбайдын жаны чыгып кетти. -Эй, тобо балдарга убада бердим дейт тура! А майып болуп калсаң эмне болор эле, ойлойсуңбу?

Эчтеке эмес, Каке, менин ишим, кызматым ушул» [4].

8 – үзүндүгө жооп: Карышкырларга жем болоруна карабай балдар үчүн берген бир ооз сөзүнө туруп, тун катып болсо келген **убадага бекем, сөзүн жерде калтырбайт**. Бул сапаты Почтолон болгондо да “жыйналышка жетише барайын деп жакшы эле чаап келгенинен” да көрүүгө болот.

9 – үзүндү: Акелерим чындаса мени сабап отуруп алып кетсе да, ким эмне дейт эле анда. Түнү менен көз ирмебей, Картаңбайлардын үйүндө жатып минут сайын коркунучту күтүүдө болдум.

Албетте, Дүйшөн өзү да менин бул абалымды жакшы билип жатты. Мүмкүн, менин көңүлүмдү көтөрөйүн деген ой менен, ал ушунун эртесинде мектепке эки жаш терекче алып барды. Окуу бүткөндөн кийин Дүйшөн мени колумдан жетелеп:

Экөөбүз азыр бир иш кылабыз, Алтынай,– деди, өзүнчө сүйүнгөндөй мени күлө карап. – Мына бул теректерди мен сага арнап алып келдим. Ушулар жетилип чоңойгончо, сен дагы жетилип, жакшы киши болуп, көктөп бүрдөйсүң. Менин баамымда сен чоң окумуштуу адам болосуң. Айтты-айтпады дээрсиң, сенин таалайыңа жазылып турат, жайнаган көзүңдөн айланайыным, тал-чыбыктай солкулдак кезиң, зээниң бар, акылың тунук. Ушул тилекке багыштап алып келдим элем, кел эми өз колубуз менен тигип коёлу. Багың окуудан ачылсын!..

9-үзүндүгө жооп: Ар бир окуучусунун көңүл жайын билип турган, оор абалда эч кандай жардамын аябаган **мыкты психолог**. Ошон үчүн Алтынайдын көңүлүн көтөрүп, келечегин тилеп көчөт отургузуп жатат. Андан сырткары **келечекти, заманды алдыга көрө билген акылман, келечекке ишенет**. Бул сапатты Дүйшөн согушка кетип бара жатып да булактын жолун тазалап, теректерди көздөй бурганынан көрүүгө болот

10-үзүндү:

Аңгыча болбой кыңырылган эшигибиз шарт этип ачылды да, желмогуздай күлмүңдөгөн жеңем башпакты. Дүйшөн анын бет алдына барып тура калды:

– Сиз эмне жумуш менен келдиңиз?

– Тур мындай, мен кыз узатам! Ай, селсаяк сениби! – деди жеңем, муштумун кезеп. Дүйшөн ага жол берген жок:

– Сиздин узатар кызыңыз бул жерде жок!

– Эмне? Аны азыр көрө жатарбыз! Ай, жээн бала, бери келип, сүйрөп чыккыла, бул көк бетти,– деп жеңем кол булгап койду. Өгүнкү булкуйган түлкү тебетейдин жанында союл кармаган эки киши кошулуп, аттан түшө келишти.

Дүйшөн эшиктин оозунда турган калыбында ордунан козголбоду.

– Сен эмне тентиген ит, алып койгон катының барчылап, бирөөнүн кызын бийлейсиңби? Тур мындай,– деп түлкү тебетей өмгөктөй берди эле, Дүйшөн каалганын эки жагына колун керип киргизбеди:
– Силердин бул жерге кире турган акыңар жок, бул мектеп! – деди ал.
– Мына, айтпадым белем, булар соо эмес, муну өзү катын кылып алган! – деп жеңем алкына кыйкырды.
– О, мектебиңди урайын сенин! – деп, бакырган түлкү тебетей камчысын үйрүп ура берди эле, каалгага керилип турган жеринен Дүйшөн аны ичтен нары тээп тигиндей учурду. Ошол замат беркилер мугалимге союл уруп, эси чыккан балдар мени тегеректеп, ыйлап чыңырып жиберишти. Карса-курстун ортосунда эшиктин бырын-чырыны чыгып кетти.
– Коё бергиле агайды! Урбагыла! Мына мен керек болсом! – деп, оозго жулундум элем, кызыл-жаян Дүйшөн эшиктин сынып түшкөн тактайын ала сала, тигилерди качырып сала берди:
– Качкыла балдар! Кач, Алтынай! – деп кыйкырды ал. Ошол учурда союл менен сындыра чапкан колу шалак этип, өзү артка чегине калды. Беркилер аны дубалга кептеп келип, кан жыттап өкүргөн букалардай:

-Ур! Башка чап! Өлтүр! Кан сийдир! – деп жабыла токмокко алганда, тамга жеңем менен түлкү тебетей зөөкүр жулунуп киришип, чачымды мойнума ороп кылкындыра, эшикке сүйрөп чыгышты. Буларга моюн бербей суурулуп кайрылганымда, чыңырып ыйлаган балдар туш-туш жакка качышып бара жаткан эле [4].

10-үзүндүгө жооп: Ар бир окуучунун жеке тагдыры, жаркыраган келечеги үчүн колунун **сынганына, өлгөнчө сабалганына карабайт**, “кан жыттап өкүргөн букалардай” **зөөкүрлөргө каршы турат.** Ошон үчүн Алтынайдын артынан эки милиционер менен барып зөөкүрдөн куткарып, Ташкентке окууга жиберип, анын акедемик болушуна себепкер болду.

Таратылып берилген карточкалардагы ар бир үзүндүдө Дүйшөндүн кандай мүнөздөлүп жатканын ошол ар бир карточканын артына жаздырса же жазып даярдап алып, аны окуп берип, эгер ошол мүнөздөмөгө кошулса ар бирин доскага чаптап жүрүп отурат.

Мугалимдин эң негизи өзгөчөлүгү келечектин ачкычы анын колунда болот**,** б.а. ал – келечекти, заманды алдын ала көрө билген адам болуусу керек.

Платон мындай деп эскерген : “Эгерде алтындан буюм жасап аны бузуп алса, ал эч нерсе эмес, алтынды кайра эритип кайра буюм жасаса болот, бирок тарбияны туура эмес берсе, бул мамлекет үчүн чоң кылмыш”. Билимсиз, тарбиясыз балдар, начар мамлекеттин түзүлүшүнө негиз түзөт. Себеби билимсиз өлкө - соолуп бара жаткан көлгө окшойт.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Батаканова С. Мектепте көркөм чыгарманы талдоонун илимий-педагогикалык негиздери. – Бишкек. 2010.
2. Кудряшев Н. И. В заимосвязь методов обучения на уроках литературы. – М.: Просв. 1981.
3. Педагогические взгляды Л.Н.Толстого. Современные наукоемкие технологии 2016. №6 (часть” С.401 – 405)
4. Айтматов Ч. Биринчи мугалим. Кадам басма үйү. – Бишкек. – 2024. – 76 бет
5. Платон. Государство. Книга первая. Часть 1. 1988.